УДК 371.32
DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-168-172

**ИСМАИЛОВА А.А., ДУЙШЕНБИЕВА Д.А.**
С. Мамбеткалиев атындагы Чүй университети
**ИСМАИЛОВА А.А., ДУЙШЕНБИЕВА Д.А.**
Чуйский университет имени С. Мамбеткалиева
**ISMAILOVA A.A., DUISHENBIEVA D.A.**
Chui University named after S. Mambetkaliev

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫН ОКУТУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ МААНИСИ

## ПРОБЛЕМЫ ПРЕПОДАВАНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ И ЕЕ ЗНАЧЕНИЕ В ВОСПИТАНИИ МОЛОДЕЖИ

## PROBLEMS OF TEACHING KYRGYZ LITERATURE AND ITS IMPORTANCE IN THE EDUCATION OF YOUNG PEOPLE

**Кыскача мүнөздөмө:** Жогорку окуу жайларында кыргыз адабиятын окутуу студенттердин улуттук аң-сезимин, маданий инсандыгын калыптандырууда негизги роль ойнойт. Бул предмет өлкөнүн адабий мурасы жөнүндөгү билимди гана байытпастан, сынчыл ой жүгүртүүнү, эстетикалык кабыл алууну, адеп-ахлактык баалуулуктарды өнүктүрүүгө да салым кошот. Жогорку окуу жайларынын окуу программаларында кыргыз адабиятынын маанисинин негизги аспектилери каралды.

**Аннотация:** Преподавание кыргызской литературы в высших учебных заведениях играет ключевую роль в формировании национального самосознания и культурной идентичности студентов. Этот предмет не только обогащает знания о литературном наследии страны, но и способствует развитию критического мышления, эстетического восприятия и нравственных ценностей. Рассмотрены основные аспекты важности кыргызской литературы в учебных программах вузов.

**Abstract:** The teaching of Kyrgyz literature in higher education institutions plays a key role in the formation of national self-awareness and cultural identity of students. This subject not only enriches knowledge about the literary heritage of the country, but also contributes to the development of critical thinking, aesthetic perception and moral values. The main aspects of the importance of Kyrgyz literature in university curricula are considered.

**Негизги сөздөр:** кыргыз адабияты; сынчыл ой жүгүртүү; жаштарды тарбиялоо; адеп-ахлактык жана руханий балуулуктар; көркөм чыгарма.

**Ключевые слова:** кыргызская литература; критическое мышление; воспитание молодежи; морально-этические и духовные ценности; литературное произведение.

**Keywords:** kyrgyz literature; critical thinking; education of youth; moral-ethical and spiritual values; literary work.

XX кылымдын акыркы он жылдыгынан тартып орто эле эмес жогорку окуу жайларында билим берүү багытында кескин өзгөрүүлөр болду. Мындай глобалдуу масштабды ичине алган өзгөрүүлөргө окумуштуулар ар түркүн кырдаалдан баа берип келет. Алар: 1) адамзат жашоосунун глобалдашуусу; 2) адам баласынын дүйнө таанымынын демократиялашуусу; 3) илим-билимдин тездик менен өнүгүүсү; 4) реалдуу турмуш чындыгынын кескин жаңылануусу, б. а. жарандык көз караштын дайыма өзгөрүүгө дуушар болуусу; 5) коомдук-социалдык жаңылануударга ылайык инсандын үзгүлтүксүз билим алууга муктаждыгы; ж. б. маселелер менен түшүндүрүлүп келет [1].

Азыркы дүйнөдө жаш муундун калыптанышы глобалдашуу жана модернизация доорунда, сапаттуу өзгөргөн маалыматтык талаада жүрүп жатат, бул, албетте, жаштардын инсан болуп калыптанышына таасирин тийгизүүдө. Акыркы жылдардагы изилдөөлөрдүн натыйжалары жаштардын руханий суроо-талаптарынын деңгээлинин төмөндүгүн жана ошол эле учурда алардын материалдык талаптарынын жогорулашын тастыктап турат. Жаш муун мектепти жана колледжди бүтүрүп, кайда барып окуйм, ким болом деген сыяктуу суроолор менен белгисиздикте калууда,

анткени билим берүү системасы эмгек рыногунун суроо-талабынан кыйла ашкан сандагы дипломдуу адистерди даярдап чыгарат. Натыйжада, азыркы жаштар үчүн негизги иш социалдык тармактарда баарлашуу болуп саналат.

Мына ушулар жаштарды тарбиялоо тескери таасирин тийгизүүдө. Адамдын руханий дүйнөсүнүн байышына, адеп-ахлактык сапаттарынын, тарбиясынын жакшы болушуна кандайдыр бир деңгээлде китеп окуунун таасир күчтүү экендиги баарына эле маалым. Акыркы жылдардагы изилдөөлөрдө жаштардын китеп окууга болгон кызыгуусу төмөндөп, натыйжада билим деңгээли төмөндөп, адеп-ахлактык жана руханий балуулуктарынын начарлап баратканын көрсөтүүдө.

Кыргыз тили жана адабияты сабагында этнопедагогиканы пайдалануу, элементтерин колдонбой элестетүү мүмкүн эмес. Этнопедагогиканын обьектиси элдик педагогикада да өзүнө таандык бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Элдик тарбиянын тамыры элдин тарыхы менен тыгыз байланышта. Этнопедагогиканын илимий-теориялык мааниси менен катар практикалык мааниси да өтө зор. Ал коомчулукту, мугалимдерди, ата-энелерди көп кылымдык сыноодон өткөн педагогикалык акыл-ойлор, тарбиялоонун ийкемдүү, таасирдүү усулдары, жол-жоболору менен куралдандырат, жаш муундарга өзүнүн рухий көрөңгөсүн, нарк-насилин нукура элдик нарк-дөөлөттөр менен байытуу, өркүндөтүү үчүн шам чырак катары кызмат кылат [2].

Ал ошол этнопедагогика элдик оозеки чыгармачылыкта, үрп-адат, каада-салттарда, сакталган педагогикалык идеяларынын жана тарбиялык тажрыйбаларынын тутуму болору белгилүү экени, мына ушунун баары биригип келип адабиятка байланышары шексиз.

Көркөм адабият адамзатты өнүктүрүүнүн каражаты катары көбүрөөк колдонулушу керек, инсандын адеп-ахлагы: жакшылык жана адилеттүүлүк, сезимталдык, толеранттуулук түшүнүгүн камтыган нерселердин бардыгы. Бул көркөм чыгармаларды кылдаттык менен тандоонун негизинде гана мүмкүн болот, аларды толук кандуу кабыл алуу мүмкүнчүлүгү чоң, сабаттуу көркөм чыгарманын уюшкан анализи жана кылдат изилденген методикалык материал болуп эсептелет [3].

Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхын, маданиятын чагылдырган кыргыз адабияты тарбиялык жактан маанилүү курал болуп саналат. «Манас» сыяктуу эпикалык чыгармалар муундан-муунга өтүп, жаштарды мекенчилдик сезимге тарбиялап, өз маданиятын, салт-санаасын сыйлоо сезимин тарбиялап келет. Чыңгыз Айтматов өңдүү азыркы кыргыз жазуучулары бул салтты улантып, коом алдында турган татаал социалдык, адеп-ахлак маселелерин өз чыгармаларында ачып келишет.

Адабиятты окутуу бир нече багыттар боюнча жаштарды тарбиялоодо негизги ролду ойнойт:

Моралдык баалуулуктарды калыптандырууда. Адабий чыгармалар жаштарга жакшылык менен жамандык, адилеттүүлүк жана адилетсиздик деген түшүнүктөрдү жакшыраак түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Китептин каармандары көбүнчө моралдык дилеммаларга туш болушат, аларды чечүү жолдору окурмандарга өздөрүнүн баалуулуктарын түшүнүүгө жана калыптандырууга жардам берет.

Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүдө. Окуу аналитикалык жөндөмдөрдүн өнүгүшүнө, маалыматты критикалык баалоо жана жүйөлүү ой-пикирлерди түзүүгө өбөлгө түзөт. Бул маалыматтын көптүгү жана фейк жаңылыктар доорунда өзгөчө маанилүү.

Ички дүйнөсүн кеңейтүүдө. Адабият жаштар үчүн жаңы мейкиндикти ачып, аларды түрдүү маданияттар, тарыхый доорлор жана социалдык контексттер менен тааныштырат. Бул дүйнөгө толеранттуу жана түшүнүү менен мамиле кылуунун калыптанышына өбөлгө түзөт.

Тил көндүмдөрүн өркүндөтүүдө. Окуу сөз байлыгын көбөйтөт, сабаттуулугун жогорулатат, көркөм жазуу жана сүйлөө көндүмдөрүн өстүрөт. Бул бир нече тилди билүү атаандаштык артыкчылык болуп саналган Кыргызстандагы жаштар үчүн өзгөчө маанилүү.

Жогорку окуу жайларында кыргыз адабиятын окутуу студенттердин улуттук аң-сезимин, маданий инсандыгын калыптандырууда негизги роль ойнойт. Бул предмет өлкөнүн адабий мурасы жөнүндөгү билимди гана байытпастан, сынчыл ой жүгүртүүнү, эстетикалык кабыл алууну, адеп-ахлактык баалуулуктарды өнүктүрүүгө да салым кошот. Жогорку окуу жайларынын окуу программаларында кыргыз адабиятынын маанисинин негизги аспектилерине токтололу.

Кыргыз адабияты улуттук маданий мурастын ажырагыс бөлүгү. Чыңгыз Айтматов сыяктуу классиктердин чыгармаларында кыргыз элинин руху, каада-салты, тарыхый басып өткөн жолу, менталитети чагылдырылган. Кыргыз адабиятын окуу студенттерге өздөрүнүн улуттук

өзгөчөлүгүн жакшыраак түшүнүүгө, маданияты жана тили менен сыймыктанууга шарт түзөт. Бул өзгөчө улуттук өзгөчөлүктөрдү жоготуу коркунучу бар ааламдашуу шартында маанилүү.

Адабият ар дайым сынчыл ой жүгүртүүнү жана аналитикалык жөндөмдөрдү өнүктүрүү үчүн күчтүү курал болуп келген. Адабий чыгармаларды окуу жана талдоо студенттерден текстти түшүнүү менен гана чектелбестен, аны чечмелеп, катылган маанилерди аныктап, каармандардын мүнөзүнө, мотивине баа бере билүүсүн да талап кылат. Бул логикалык ой жүгүртүү, аргументтерди түзүү жана өз көз карашын негиздүү билдирүү жөндөмүн өнүктүрөт.

Кыргыз адабиятынын чыгармалары көбүнчө моралдык-этикалык орчундуу маселелерди көтөрүп, боорукердикке, сабырдуулукка, адилеттүүлүккө үйрөтөт. Кыргыз адабиятынын дүйнөсүнө сүңгүп кирген студенттер өздөрүнүн адеп-ахлактык багыттарын калыптандырууга жана бекемдөөгө мүмкүнчүлүк алышат.

Кыргыз адабияты образдуу жана поэтикалык каражаттарга бай, бул студенттерге эстетикалык тарбия берүүгө өбөлгө түзөт. Жаратылыштын сүрөттөлүшү, каармандардын эмоционалдык тажрыйбасы, метафоралар жана аллегориялар студенттердин ички сезимдерин өрчүтүп, көркөм табитти жана дүйнөнү көркөм кабылдоо жөндөмүн өрчүтөт.

Кыргыз адабиятын окутуу кыргыз тилин сактоого жана өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Адабий чыгармаларды изилдөө процессинде студенттер сөз байлыгын байытып, өз оюн туура жана кооз билдирүүнү үйрөнүшөт. Бул улуттук тилди сактоо жана аны жаңы муундарга өткөрүп берүү контекстинде өзгөчө маанилүү.

Ошентип, ЖОЖдордо кыргыз адабиятын базалык предмет катары окутуу билим берүү процессинин зарыл элементи болуп саналат. Ал улуттук аң-сезимдин калыптанышына, сынчыл жана эстетикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө, адеп-ахлактык тарбиялоого жана тилди сактоого өбөлгө түзөт. Ааламдашуу жана технологиялык прогресс доорунда маданий мурастар менен байланышты үзбөө, тескерисинче, аны келечек муундар үчүн күч жана илхам булагы катары колдонуу маанилүү. ЖОЖдордо кыргыз адабиятын окутуу бул процессте негизги ролду ойнойт, бул студенттердин инсандыгын бир бүтүн жана гармониялуу өнүктүрүүнү камсыз кылат.

Жогорудагыдай талаптардан жана адабиятты окутуунун өзгөчөлүктөрүнөн азыркы учурда предметти окутуунун төмөнкүдөй теориялык проблемалары курч коюлуп жаткандыгы белгилүү:

1. Көркөм адабиятты сөз өнөрү катары кабылдоо, окуп түшүнүү проблемасы, ошол адабиятты искусство катары, эстетикалык баалуулук катары карай алган окурманды жетилдирүү маселелери.

2. Адабият таануу менен адабиятты окутуу методикасын жакындатуу, алардын бири-бирине таасир этүүсүн туура пайдалануу, сабакта адабий чыгарманы окуп үйрөнүүдө ошол чыгарманын поэтикасына сүңгүп кирүү.

3. Көркөм чыгарманы кабылдоо менен аны интерпретациялоонун, анализдөөнүн, өз алдынча ой жүгүртүүнүн байланышын түзө алуу.

4. Адабиятты окуп үйрөнүүдө концепцияларды, стандарттарды, программаларды, окуулуктарды, сабактын технологияларын туура тандоо.

5. Адабиятты окутуунун методдорун жана жолдорун мурдагы салттарына таянуу менен улам жаңылоо.

6. Мугалим менен окуучунун өз ара байланышынын жаңы тибин калыптоо, инсанда чыгармачы башталышты пайда кылуу.

7. Сабактын жаны структураларын издөө жана окутуу жолдорунун башка формаларын моделдештирүү [4].

Жогоруда айтылгандай, кыргыз адабиятын ЖОЖдордо окутуу маселесине да байланыштуу көрүнүш. Акыркы жылдары ЖОЖдордо базалык дисциплиналардын бири болгон кыргыз тили менен катар кыргыз адабияты да милдеттүү түрдө окутулуп келет. Мына ошондон бери окуу-методикалык комплекстери түзүлүп, ар бир окуу жайдын кыргыз тилчи окутуучулары кыргыз адабиятынын уруттуу бөлүктөрүн программага киргизип окутуп келишүүдө.

Адабиятты окутууда азыркы мезгилдин эң негизги көйгөйлөрүнүн бири болгон китеп окуу, чыгарманын текстин менен таанышуу өзгөчө кыйындатат.

Глобалдашуу (ааламдашуу) доорунун татаалдыгы, маалыматтардын ашкере жыштыгы окуучулардын адабий көркөм тексттерди бүкүлү (целостное) кабыл алуу түйшүгүн татаалдаштырууда, мисалы, телевизордун пультун колго алып турдуу каналдарга басып чыгып диванда отурган адам бардык каналдарда эмне болуп атканын көрүп чыгууга үлгүрөт, бирок бир дагы каналдын көрсөтүүсүнүн терең маанилерин аңдап билбеген бойдон кала берет [5]

Мына ошол сыяктуу: «Азыр кыргыз мектеп окуучуларынын арасында да мына ушундай көркөм чыгарманы мозаикалык, клиптик кабыл алгандар көбөйүп кетти, айылдарда ар бир үйдө DVD дисктерден түндөп боевик, ужас, «самын сериалдарды» көрүп отургандар китеп окугусу келбей, китеп окуса да ар-ар жерин чолуп-чолуп «окумуш» болуп кетишет. Бул улуттук трагедиябы, же информациялык доордун талабыбы, айтор, балдардан, жалпы элден көркөм адабиятты, анын толук баалуулугун ажыраткан фактор болду деп А.Муратов белгилеп кеткендей китеп окуу маселеси курч бойдон турат [5].

Биз Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин I курстарынын студенттеринин арасында китеп окуу маселеси канчалык деңгээлде экендигине байкоо жана сурамжылоо жүргүзүлгөн. Мисалга алсак, программага киргизилген тарыхый чыгармалар: Төлөгөн Касымбековдун «Келкел», Акбар Рыскуловдун «Атакенин Акболот» романдарын студенттердин өз алдынча окуусуна берилгенде, үч тайпанын ичинен (69 студент) 12-13%ы гана чыгарманын текстин окуп, 25-30%ы айрым бөлүктөрүн окуганы, ал эми калганы чыгарманын кыскача гана мазмуну менен тааныш экендигин билдиришкен. Бул көрсөткүч өтө төмөн экендигин билдирип, натыйжада көркөм адабиятты окуу өтө начар абалда экендигин билдирет.

Китеп окуунун маанилүүлүгүнө карабастан, азыркы жаштар социалдык тармактар жана видео оюндар сыяктуу алаксытууларга көп кабылышат. Бул кыйынчылыктарды жеңүү үчүн мамлекеттин, билим берүү мекемелеринин жана ата-энелердин биргелешкен аракеттери талап кылынат. Мындай маселелерди чечүү үчүн төмөнкүлөрдү сунуштап кетсек болот:

<u>Китеп окууну популяризациялоо.</u> «Китеп жумалыгы» же «Китеп окуу күнү» сыяктуу окууну жайылтууга багытталган республикалык жана аймактык иш-чараларды уюштуруу.

<u>Китепканаларды санариптештирүү</u>. Электрондук китепканаларды жана китеп окуу үчүн онлайн аянтчаларды түзүү, бул жаштар үчүн адабияттарга жеткиликтүүлүктү ыңгайлуу жана жагымдуу кылат.

<u>Технологиялык интеграциялоо.</u> Жаштарды кызыктыра турган жана аларды окууга үндөй турган аудиокитептер жана интерактивдүү колдонмолор сыяктуу заманбап технологияларды колдонуу.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз Республикасындагы жаштарды тарбиялоодо, алардын адеп-ахлактык баалуулуктарын калыптандырууда, критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө жана көз карашын кеңейтүүдө адабиятты окутуу орду толгус роль ойнойт. Жаштардын китеп окууга болгон кызыгуусун сактоо жана өнүктүрүү коомдун, билим берүү мекемелеринин жана мамлекеттин биргелешкен аракеттерин талап кылат. Заманбап чакырыктарга каршы санариптик технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн жана инновациялык методдорду колдонуу менен окууга салттуу мамилени адаптациялоо зарыл. Ушундай жол менен гана Кыргызстандын келечек муундарынын тынымсыз маданий жана руханий өнүгүүсүн камсыз кылууга болот.

## Колдонулган адабаияттар

1. Акматов Б.М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы: Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация, 2016, 3-б, 342 б.
2. Түмөнбаева Ч. Кыргыз тили жана адабияты сабагында этнопедагогиканын ролу // Ж.Баласагын атындагы КМУУнун Жарчысы, Атайын чыгарылыш (S), 2020, 116-124-бб.
3. Адылбек кызы Г., Назарбекова Б.Ж., Султан кызы Б. Кыргыз адабияты сабагында өспүрүм курактагы окуучуларды сабырдуулукка тарбиялоо // Ж. Баласагын атындагы КМУУнун Жарчысы, № 2(114), 2023, 139-145-бб.
4. Богданова О.Ю., Леонов С.А., Чертов В.Ф. Методика преподавания литературы: учебник. – Москва, 1999.
5. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы: Окуу китеби. – Бишкек: «Турар», 2013, 550-б.